УДК 316.7:008 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.601**

УЛУТТУК НАРК ЖАНА ГЛОБАЛДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ МАДАНИЙ ИДЕНТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ

Жаанбаева К.Б., улук окутуучу,
ORCID:0009 0004 6260 6283
ОшМПУ
Kalipa27@hotmail.com

НАЦИОНАЛЬНАЯ ЦЕННОСТЬ И ПРОБЛЕМА КУЛЬТУРНОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ В КОНТЕКСТЕ

Жаанбаева К.Б., старший преподаватель
ORCID: 0009-0004-6260-6283
ОшГПУ

NATIONAL VALUE AND THE PROBLEM OF CULTURAL IDENTITY IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

K.B. Zhaanbaeva, Senior Lecturer,
ORCID: 0009-0004-6260-6283
Osh State Pedagogical University.

Аннотация

Бул макалада глобалдашуу шартында улуттук нарктардын трансформацияланышы жана маданий идентүүлүктүн калыптаныш өзгөчөлүктөрү талданат. Глобалдашуу процессинин улуттук баалуулуктарга тийгизген оң жана терс таасирлери каралып, маданий гомогенизация жана локализация кубулуштары илимий негизде чечмеленет. Кыргыз коомунун мисалында тарыхый мурас, адабият, билим берүү жана санариптик мейкиндик маданий идентүүлүктү сактоонун негизги механизмдери катары көрсөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында улуттук нарк менен дүйнөлүк интеграциянын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылган интеграциялык модель сунушталат.

Ачкыч сөздөр: *улуттук нарк, глобалдашуу, маданий идентүүлүк, баалуулуктар, маданий мурас, интеграция, локализация, билим берүү, санариптик маданият.*

Аннотация

В статье рассматриваются проблемы трансформации национальных ценностей и сохранения культурной идентичности в условиях глобализации. Анализируются позитивные и негативные аспекты глобализационных процессов, а также явления культурной унификации и локализации. На примере кыргызского общества раскрываются механизмы сохранения культурной идентичности через историческое наследие, литературу, систему образования и цифровое пространство. В результате предлагается интеграционная модель гармоничного сочетания национальных ценностей и глобальных процессов.

Ключевые слова: *национальные ценности, глобализация, культурная идентичность, культурное наследие, интеграция, локализация, образование, цифровая культура.*

Abstract

The article analyzes the transformation of national values and the preservation of cultural identity in the context of globalization. The positive and negative impacts of globalization, as well as the processes of cultural homogenization and localization, are examined from a theoretical perspective. Using the example of Kyrgyz society, the study highlights historical heritage, literature, education, and digital space as key mechanisms for maintaining cultural identity. An integrative model ensuring a balance between national values and global integration is proposed.

Keywords: *national values, globalization, cultural identity, cultural heritage, integration, localization, education, digital culture.*

XXI кылым дүйнөлүк интеграциянын күч алышы, санариптик технологиялардын тездик менен өнүгүшү жана маданияттар аралык байланыштардын тереңдеши менен мүнөздөлөт. Технологиялык прогресс адамзаттын жашоо образын, баалуулук ориентациясын жана социалдык жүрүм-турум моделин трансформациялоодо.Мындай кырдаал руханий

коопсуздук тууралуу ойлонууга алып келет.Руханий коопсуздук- бул маданий жана адептик туруктуулук.Ал өзүнө тарыхый эстутумду, улуттук тил жана маданий мурасты, адеп-ахлактык нормаларды, маалыматтык туруктуулукту камтыйт.Кыргыз коомунун руханий пайдубалы салттык дүйнөтаанымга негизделген.Элдик мураста адамдык ар-намыс, жамааттык жоопкерчилик, адилеттүүлүк принциптери өзгөчө орунду ээлейт.Бул идеялар “Манас” эпосунда да чагылдырылган.Эпикалык мурас улуттук иденттүүлүктүн символу катары маданий туруктуулукту бекемдейт.Руханий коопсуздукка ээ болуу үчүн ар бир эл өзүнүн руханий байлыгын, тарыхый тажрыйбасын жана баалуулук тутумун сактап калуу маселесине астейдил көңүл бурууга тийиш.Технологиялык өнүгүү менен маданий туруктуулуктун ортосунда тең салмактуулук сакталбаса, иденттүүлүктүн алсырашы байкалат.Ошентип, глобалдык процесстер бир тараптан адамзаттын жалпы жетишкендиктерине кеңири жол ачса, экинчи тараптан улуттук өз алдынчалуулуктун солгундашына алып келүүчү факторлорду да жаратып коеру коомубуздагы көрүнүштөрдөн ачык байкалат.Азыркы этаптагы технологиялык өзгөрүүлөр санариптештирүү, автоматташтыруу, жасалма интеллект сыяктуу процесстер менен мүнөздөлөт.Санариптик чөйрө маданий стандарттардын унификациясына, маалыматтык манипуляцияга, алгоритмдик таасир аркылуу коомдук пикирди багыттоого, санариптик көз карандылыкка жетелеп, руханий коопсуздукка терс таасирин тийгизип калган факторлор коомдун маданий иммунитетин бекемдөөнү талап кылат.Бул көрүнүштөр экономикалык системаларга гана эмес, коомдук аң-сезимге да таасирин тийгизет.Маалыматтык коом концепциясында билим жана маалымат негизги ресурс катары каралат.Бирок, маалыматтын ашыкча агымы сынчыл ой жүгүртүүну алсыратуу коркунучун жаратат.Айрыкча, жаштар арасында виртуалдык мейкиндик реалдуу социалдык байланыштардын ордун баса баштады.Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, миграциялык агымдар, массалык маданияттын таасири жана санариптик мейкиндиктин кеңейиши коомдук аң-сезимге, айрыкча жаш муундун дүйнөтаанымына олуттуу таасир этүүдө. Ушул контекстте “улуттук нарк – дүйнөлүк бийиктик” идеясынын алкагында маданий иденттүүлүктүн сакталышын илимий жактан талдоо өзгөчө актуалдуулукка ээ.

Илимий макаланы жазуудагы максат глобалдашуу доорунда улуттук баалуулуктардын өзгөрүү динамикасын талдап, маданий иденттүүлүктү сактоонун теориялык жана практикалык механизмдерин аныктоо болду.

Улуттук нарк — белгилүү бир этностун тарыхый өнүгүү жолунда калыптанган руханий, адеп-ахлактык жана социалдык баалуулуктарынын тутуму. Анын курамына тил, дин, салт-санаа, каада-жөрөлгөлөр, дүйнөтааным жана эстетикалык табит кирет. Бул баалуулуктар муундар аралык улантылып, коомдук эс аркылуу бекемделет.[4]

Улуттук нарк коомдук биримдикти чыңдоочу фактор катары кызмат кылып, инсандын өзүн-өзү тааануу процессинде негизги роль ойнойт. Ал улуттун тарыхый тажрыйбасын топтогон руханий код катары коомдун өнүгүү багытын аныктайт.

Маданий иденттүүлүк — инсандын, же коомдун белгилүү маданий мейкиндикке таандык экенин аңдап-туюшу. Анын түзүмүнө тарыхый эстутум, тилдик өзгөчөлүк, символдор жана мифологиялык образдар, салттык жүрүм-турум нормалары, баалуулук багыттары кирет. С. Хантингтон маданиятты цивилизациялык айырмачылыктардын өзөгү катары белгилеп, иденттүүлүк глобалдык доордо саясий жана маданий факторго айланганын көрсөтөт.[8]Иденттүүлүк туруктуу эмес, өзгөрмөлүү мүнөзгө ээ. Коомдогу саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр ага түз таасир этет. Глобалдашуу бул трансформацияны тездеткен фактор болуп саналат.

Глобалдашуу — дүйнөлүк деңгээлдеги экономикалык, саясий жана маданий интеграция процесси. Э. Гидденстин пикири боюнча, глобалдашуу — бул дүйнөлүк масштабдагы социалдык мамилелердин тереңдеши [3]. Маданий жактан ал универсалдуу стандарттардын жайылышын шарттайт.

Анын оң натыйжалары: билим жана технологиялардын алмашуусу, маданияттар аралык диалогдун кеңейиши, демократиялык баалуулуктардын бекемделиши.

Ошол эле учурда терс көрүнүштөр да байкалат: маданий бир түрдүүлүктүн күч алышы, массалык маданияттын үстөмдүгү, улуттук өзгөчөлүктөрдүн солгундашы.

Демек, глобалдашуу өнүгүү мүмкүнчүлүгүн да, маданий ассимиляция коркунучун да камтыган көп кырдуу процесс болуп эсептелет.

Глобалдашуу шартында улуттук нарктардын өзгөрүшү универсалдашуу жана локалдык адаптацияга байланышат.[7]Бүгүнкү күндө керектөө маданияты, медиа-индустрия жана поп-маданият сыяктуу универсалдуу формалар үстөмдүк кылганы менен улуттук коомдор бул формаларды өз контекстине ылайыкташтырып, жаңы мазмун менен толуктоодо.Мисалы, салттуу музыкалык чыгармалар заманбап аранжировка менен аткарылып, дүйнөлүк аудиторияга сунушталып жатканын көрөбүз.Жакынкы күндөрдө ырчы Нурчолпон Казакстандын дүйнөгө белгилүү ырчысы Димаш Кудайбергендин Түркестанда уюштурган “Voice Beyond Horison” аттуу эл аралык музыкалык долбоорунда элдик “Беш ыргай” ырын заманбап интерпретацияда аткарып, анда салттуу үндү заманбап музыкалык чечимдер (битбокс) менен айкалыштырганы сынакта калыстык кылган кытайлык композиторлор, эл аралык эксперттер жана долбоордун катышуучулары тарабынан жогору бааланды.Бул көрүнүштү трансформациянын жандуу мисалы катары карасак болот.

Жаштар- глобалдык маалымат агымына эң тез аралашкан социалдык топ. Санариптик технологиялар аркылуу алар дүйнөлүк маданий мейкиндикке активдүү катышып жатат. Натыйжада, тилдик аралашуу күчөп, баалуулук багыттары индивидуализмге ыктоодо. Ошол эле мезгилде улуттук маданиятка болгон кызыгуу да жанданып жатканы байкалат.Улуттук кийимдерди заманбап стилде кийип баштагандардын саны арбып баратат.Той-аштарда улуттук тамак-аштардын түрүнө басым жасалышы, турак-жайларды, эс алуу борборлорун улуттук дизайнда жасалгалоо көрүнүштөрү, ж.б. Бул — өз иденттүүлүгүн кайра карап чыгуу процессинин белгиси.

Массалык маданият көбүнчө визуалдык эффектке жана керектөө моделине басым жасайт. (М.:К-рор стилин туурагандар) Эгер улуттук маданият заман талабына шайкеш өнүкпөсө, ал коомдук аң-сезимде экинчи планга сүрүлүп калуу, массалык маданияттын көлөкөсүндо калуу коркунучуна туш болот. Ошондуктан заман талабына жараша адаптация жана жаңылануу зарыл шарт болуп саналат.

Кыргыз коомунда маданий иденттүүлүктү сактап калууда тарыхый мурастардын маанiси зор. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы, эпикалык мурасы жана салттуу маданияты -иденттүүлүктүн негизги булагы. Айрыкча, кыргыз рухунун туу чокусу болгон “Манас” эпосу улуттук дүйнөтаанымды, баатырдык идеалды жана адептик принциптерди чагылдырган руханий символ катары өзгөчө орунга ээ. Улуу мурасыбыз коомдук биримдикти бекемдеген тарыхый эстин формасы болуп саналат.[1]

Кыргыз адабияты -улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын айкалышын чагылдырган баа жеткис байлык. Дүйнөлүк бийиктикти багындырган улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында улуттук темалар глобалдык философиялык маселелер менен байланышта каралат. Автор адамдын моралдык жоопкерчилиги, табият менен гармония жана руханий кризис сыяктуу көйгөйлөрдү көтөрүү аркылуу улуттук идеяны дүйнөлүк деңгээлге чыгара алган.

Технология жана руханий коопсуздук маселеси Айтматовдун чыгармаларында терең камтылган.Айтматовдун философиялык дүйнөтаанымы технократиялык цивилизациянын таасирлерин даана ачып берет.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында илимий-техникалык прогресс маселеси түздөн-түз техникалык категория катары эмес, адамзаттын руханий тагдыры менен байланышкан феномен катары каралат. Жазуучу цивилизациялык өнүгүүнү адамдын ички дүйнөсү менен салыштырып, руханий деградация коркунучун көркөм-философиялык формада ачып берген.[8]

Улуу жазуучунун идеялык позициясы технологияга каршы эмес, бирок адамдын руханий жоопкерчилигинен ажыраган технократиялык аң-сезимге сын көз менен карайт.Дүйнөлүк адабиятта «Маңкурт» феномени маалыматтык доордун символу болуп

калды.“Кылым карытар бир күн” романындагы маңкурт образын бүгүнкү санариптик доордун метафорасы катары чечмелесек болот.Маңкурт – тарыхый эс-тутумун жоготкон адам. Ал өзүнүн тамырын, маданий идентүүлүгүн жана руханий байланыштарын унуткан.Санариптик мейкиндикте да адам маалымат агымына толук баш ийип, сынчыл ой жүгүртүүсүн жоготсо, “жаңы типтеги маңкурташуу” процесси жүрүшү мүмкүн. Бул жерде технология эмес, аң-сезимдин көзөмөлсүздүгү коркунуч жаратат.

Демек, маңкурт феномени руханий коопсуздуктун бузулушунун көркөм-философиялык модели болуп саналат.

Ал эми «Кассандра тамгасында» цивилизациялык кризис жана жоопкерчилик тууралуу баяндалат. Романда илимий прогресс адамзаттын моралдык жоопкерчилигинен алдыга өтүп кеткен шарт сүрөттөлгөн.Анда биотехнологиялык эксперименттер, генетикалык кийлигишүү жана цивилизациялык амбициялар адамзаттын руханий кризисине алып келери көрсөтүлөт.Роман окурмандарынын алдына философиялык деңгээлде төмөнкү суроону коёт:Адамзат технологиялык жактан өнүккөнү менен руханий жактан даярбы?Бул суроо бүгүнкү жасалма интеллект жана биоинженерия доорунда өзгөчө актуалдуу.

«Кыямат» романында мораль жана глобалдык трагедия чагылдырылган. Чыгармада цивилизациянын руханий кризиси универсалдык масштабда көрсөтүлөт. Табият менен адамдын ортосундагы гармониянын бузулушу, моралдык деградация жана коомдук жоопкерчиликтин жоголушу глобалдык катастрофага алып келери философиялык символизм аркылуу берилет. Бул чыгарма технологиялык доордогу экологиялык жана руханий коопсуздуктун өз ара байланышын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Айтматовдун чыгармаларынан төмөнкү философиялык тыянак чыгарууга болот:

1. Технология – нейтралдуу инструмент.
2. Руханий жоопкерчилик – цивилизациялык өнүгүүнүн негизги шарты.
3. Тарыхый эстутумду жоготуу – маданий деградациянын башаты.
4. Адам фактору – бардык технологиялык процесстердин борборунда турушу керек.

Бул идеялар макалада сунушталган синтез модели менен шайкеш келет. Демек, Айтматовдун көркөм философиясы технологиялык прогресс менен руханий коопсуздуктун тең салмактуулугун негиздеген гуманисттик концепция катары кызмат кыла алат. Айтматовдун чыгармалары маданий идентүүлүктүн символдук коргоо механизми, технократиялык цивилизацияга гуманисттик альтернатива, руханий коопсуздуктун көркөм-философиялык модели болуп саналат.

Маданий идентүүлүктү сактоодо билим берүү -негизги инструмент. Окуу программаларында улуттук тарыхка, маданий мураска, салттуу этикага жетиштүү көңүл буруу зарыл.

Ошол эле учурда билим берүү глобалдык компетенцияларды да өнүктүрүшү керек. Улуттук жана дүйнөлүк компоненттердин тең салмактуулугу — туруктуу өнүгүүнүн шарты.

Санариптик платформалар улуттук маданиятты жайылтуу үчүн чоң мүмкүнчүлүк түзүүдө. Буга айкын миасл катары электрондук китептерди, онлайн-курстарды, мультимедиялык долбоорлорду атасак болот, алар аркылуу улуттук мурас жаңы форматта сунушталып жатат.Мамлекеттик маданий саясат чыгармачыл индустрияларды өнүктүрүү, улуттук тилди коргоо, маданий изилдөөлөрдү каржылоо багыттарын колдоого алышы зарыл.

Глобалдашуу шартында улуттук идентүүлүктү сактоо төмөнкү принциптерге негизделиши мүмкүн:

1. **Адаптация** — салттык формаларды заманбап шартка ылайык жаңылоо;
2. **Диалог** — башка маданияттар менен тең ата карым-катнаш түзүү;
3. **Тең салмактуулук** — улуттук жана жалпыадамзаттык баалуулуктардын гармониясы;
4. **Инновация** — технологияларды маданий өнүгүүгө пайдалануу.

Бул модель улуттук наркты изоляция эмес, интеграция аркылуу өнүктүрүүнү сунуштайт.

Глобалдашуу — кайтарылгыс процесс. Ал улуттук маданияттарды жок кылууга эмес, жаңы шартта кайра калыптандырууга түрткү берет. Улуттук нарк статикалык эмес, динамикалык кубулуш болгондуктан, ал заман талабына ылайык өнүгүүгө жөндөмдүү. [6]

Кыргыз коомунда маданий иденттүүлүктү сактоо тарыхый мураска таянуу, билим берүү системасын өркүндөтүү, адабият жана искусствону колдоо, санариптик технологияларды пайдалануу аркылуу ишке ашырылышы абзел.

Демек, “Улуттук нарк – дүйнөлүк бийиктик” концепциясы- улуттук өзгөчөлүктү сактоо менен бирге дүйнөлүк цивилизацияга татыктуу салым кошууну максат кылган стратегиялык багыт. Улуттук тамырын сактаган коом гана глобалдык мейкиндикте өз ордун таба алат.

Пайдаланылган адабияттар:

1. **Абдылдаев Э.** Манас эпосу жана кыргыз дүйнөтаанымы. — Бишкек, 2010. — 250 б.
2. **Айтматов Ч.** Чыгармалар жыйнагы. — Бишкек: Кыргызстан, 2008. — 720 б.
3. **Гидденс А.** Модерндүүлүктүн кесепеттери. — Стэнфорд: Stanford University Press, 1990. — 186 б.
4. **Дюркгейм Э.** Коомдогу эмгектин бөлүнүшү. — Нью-Йорк: Free Press, 1997. — 354 б.
5. **Ибраимов К.** «Манас» эпосу — кыргыз элинин рухий феномени // Азаттык үналгысы. — 18.10.2024. — 3 б. (макала).
6. **Ритцер Г.** «Эч нерсенин» глобалдашуусу. — Thousand Oaks: Pine Forge Press, 2004. — 305 б.
7. **Робертсон Р.** Глобалдашуу: социалдык теория жана глобалдык маданият. — Лондон: Sage Publications, 1992. — 211 б.
8. **Хантингтон С.** Цивилизациялардын кагылышы жана дүйнөлүк тартипти кайра түзүү. — Нью-Йорк: Simon & Schuster, 1996. — 367 б.

УДК 821.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1%20(27).586**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН АДАМЗАТКА БОЛГОН СООЛУБАС СҮЙҮҮСҮ

Жантаев Адилбек Сүйүндүкович –
филология илимдеринин доктору, профессор, башкы илимий кызматкер,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясы
Ысакбаева Зинат Турдубековна –
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын кампусу
Даткабекова Жазгүл Асылбековна –
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарын кампусу

НЕИССЯКАЕМАЯ ЛЮБОВЬ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА К ЧЕЛОВЕЧЕСТВУ

Жантаев Адилбек Суйундукович –
доктор филологических наук, профессор, главный научный сотрудник,
Национальная академия наук при Президенте Кыргызской Республики
Ысакбаева Зинат Турдубековна –
кандидат филологических наук, и.о. доцента,
Нарынский кампус Кыргызскогой национального университета имени Ж. Баласагына